12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунуш кылынган **«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери»** темасындагы **Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин** диссертациясы боюнча Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин эксперти юридика илимдеринин доктору, доцент (12.00.02) **Джумагулов Айдар Муратовичтин**

# КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасында юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуш кылынган Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин кандидаттык диссертациясы Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертацияда Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоого кылдат изилдөөнүн негизинде конституциялык-укуктук негиздери аныкталган. Изилдөөнүн багыты боюнча диссертант мыйзамда каралган чек ара мамилелеринин өзгөчөлүгүн талдап жаңы түшүнүктөргө авторлук аныктама берген.

Андан сырткары, эмгекте автор бир катар илимий жоболорду, тыянактарды жана сунуштамаларды коргоого алып чыккан, алар кыйла даражада негиздүү болуп саналат.

Автор жүргүзгөн изилдөөлөр юридикалык илимде иштеп чыккан концепциялык жоболорго негизделет, илимий иштеп чыгууларды терең талдоолор менен. Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы юридикалык материалдарды кеңири талдоо, ошондой эле аларга теориялык маани берүү менен камсыз кылынат.

Диссертацияда баяндалган тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга, ошондой эле адабий булактардын кеңири чөйрөсүнө, бири биринен ажыратылып массалык түрдө талданган архивдик жана практикалык материалдарга негизделген.

Жалпысынан дисесертациялык иште 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигинин паспортунун 1.3, 1.4, 1.13 жана 1.17

пункттарына (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомуна 2-тиркеме) толук жооп берүүчү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери боюнча изилдөө жүргүзүлгөн.

**2. Иштин максаты катары** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине байланышкан маселелерди комплекстүү изилдөө жана чек ара мыйзамдарын жакшыртуу боюнча илимий негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1) мамлекеттик чек ара концепциясынын укуктук табиятына жана маңызына аныктама берүү жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча айрым түшүнүктөрдүн аныктамаларын толуктоо;

2) Кыргыз Республикасында улуттук коопсуздукту, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча усулдарды талдоо;

3) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумунун жана бул тутумдагы укуктук камсыздоонун ордун белгилөө жана талдоо;

4) ченемдик-укуктук актыларда иштелип чыккан жана колдонуудагы чек ара коопсуздугун камсыздоонун концептуалдык түшүнүктөрүн талдоо жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

5) Чек ара коопсуздугун камсыздоонун эл аралык укуктук базасын изилдөө жана аларды өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо;

6) азыркы шарттарда Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин негизги багыттарын аныктоо;

7) мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик чек ара саясатынын негизги багыттарын ишке ашырууда өз ара аракеттенүүсүн изилдөө;

8) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоону жакшыртуу боюнча илимий негиздүү тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Белгиленген милдеттерге жетүү аркылуу диссертациялык изилдөөдө коюлган максат толук көлөмдө аткарылган.

Диссертациянын изилдөө объектисинин жана предметинин диссертациянын максатына жана маселелерине шайкештиги.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси болуп** Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоону конституциялык-укуктук жөнгө салууга байланышкан коомдук мамилелер саналат. Изилдөөнүн объектиси анын максатына жана милдеттерине ылайык келет.

**Изилдөөнүн предмети болуп** Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы коомдук мамилелерди жөнгө салган ченемдик-укуктук актылар саналат. Изилдөөнүн предмети диссертациянын милдеттерине ылайык келет.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө объективдүүлүк, анализ жана тутумдуу мамиле сыяктуу жалпы илимий усулдарды колдонуу аркылуу чек ара коопсуздугун камсыздоодогу негизги көйгөйлөр ачыкталды. Жеке илимий усулдардын ичинен салыштырмалуу-укуктук усулду колдонуу менен чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун ата-мекендик жана чет элдик тажрыйбасындагы негизги жетишкендиктерди жана боштуктарды анализдеп чыгууга, ошондой эле алардын негизинде улуттук мыйзамдык базаны жана тажрыйбаны жакшыртуу үчүн конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууга шарт түзүлдү; тарыхый-укуктук усулдун жардамы менен өлкөдөгү жалпы чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун калыптануусун талдоого жана аларды андан ары өнүктүрүү боюнча багыттарды сунуштоого жол ачты. 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча изилдөөлөргө карата коюлган талаптарга жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук жөнгө салуунун учурдагы кемчиликтери болуп мамлекеттик деңгээлде мамлекеттик чек ара саясатынын бардык чөйрөсүн камтыган жана чек ара коопсуздугун камсыздоого арналган программалардын жоктугу, чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелеринде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын ишин укуктук жөнгө салуунун динамикалуу өзгөрүп жаткандыгына байланыштуу кемчиликтердин жоюлбагандыгы, чек аранын айрым тилкелери боюнча коңшу мамлекеттер менен чек ара сызыгынын такталбаганы саналат.

Мындай маселелердин негизги себептери болуп чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ченем жаратуучу ишиндеги кемчиликтери. Чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуудагы негизги көйгөйлөрдү аныктоонун натыйжалуу ыкмаларынын жоктугу жана чек ара кызматынын мыйзам чыгаруу процессине катышпагандыгы, мыйзам жаратуу ишинде так максаттардын аныкталбагандыгы негизги себептердин бири. Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында жүргүзүлгөн деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште юридика илимдеринин өнүгүшү үчүн жаңы илимий негизделген теориялык натыйжалара киргизилип, алардын натыйжасы юридикалык илимде, мыйзам чыгаруу эксперттик топтордо, жогорку окуу жайларынын окуу-усулдук куралдарды иштеп чыгууда бир кыйла мааниге ээ боло алат.

**Натыйжа 1.** Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерин кеңири изилдөөдө анын толук түшүнүгүн ачып берүү үчүн мамлекеттик чек ара түшүнүгүн

талдап жана чек араны коргоо механизмдери боюнча теориялык көз караштарды, мыйзамдарды терең талдоо менен автордук аныктама сунушталган. Мамлекеттик чек аранын түшүнүгү, түрлөрү аныкталган.

**Натыйжа 2.** Диссертант учурдагы жалпы теориялык көз караштарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде чек ара коопсуздугу түшүнүгүнө теориялык конструкцияны негиздеген. Изденүүчү тарабынан чек ара коопсуздугу түшүнүгүнө жеке аныктамасын сунуштаган.

**Натыйжа 3.** Автор тарабынан диссертациялык изилдөө ишинде теориялык көз караштарды, мыйзамдарды кылдат талдоонун негизинде «чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо» юридикалык термининин түшүнүгүн берүү механизми негизделген жана автордук аныктама берилген.

**Натыйжа 4.** Автор тарабынан чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу жөнүндө» концепциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы жөнүндө илимий негиздүү корутундусу негизделет.

**Натыйжа 5.** Изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын улуттук коопсуздук, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумундагы орду талданган. Натыйжада, чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн тиешелүү ыйгарым укуктарды берүү зарыл экендиги негизделген.

**Натыйжа 6.** Автор, илимий изилдөө ишинде чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы мамлекеттик бийлик органдарынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тармагындагы ыйгарым укуктарын терең изилдеген жана алардын иш аракеттерин жакшыртуу максатында бир катар сунуштарды иштеп чыккан.

**Натыйжа 7.** Изденүүчү Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоону жакшыртуу боюнча илимий негиздүү сунуштарды иштеп чыккан.

**3.1. Алынган натыйжалар илимий жаңылыгы менен юридикалык илимдин чегинде мүнөздөлөт.**

**Натыйжа 1.** Жаңы, анткени юридикалык илиминде талдоо жүргүзүлгөн алгачкы илимий иш жана мамлекеттик чек ара түшүнүгүн жана анын укуктук табиятын толук кандуу ачып бере алган.

**Натыйжа 2.** Жаңы, анткени юридикалык илимде мамлекеттик чек араны жөнгө салган мыйзамдарга чек ара коопсуздугунун түшүнүгүн берүү механизмдерин биринчилерден болуп сунуштаган.

**Натыйжа 3.** Бул дээрлик жаңы болуп саналат, анткени автор чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо концепциясын өзгөчөлөнтүүнүн объективдүү критерийи катары колдонулаары аныктап жана автордук аныктамасын берген.

**Натыйжа 4.** Жаңы, анткени диссертант тарабынан өлкөдө чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу жөнүндө концепциясын кабыл алуу сунуштаган.

**Натыйжа 5.** Жаңы, себеби автор Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун, деги эле улуттук коопсуздукту камсыздоо тутумундагы ордун аныктаган жана чек ара кызматынын ишин жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыккан.

**Натыйжа 6.** Жаңы, диссертант тарабынан чек ара коопсуздугун камсыз кылууга түздөн түз катышкан мамлекеттик бийлик органдардын орду белгиленген жана алардын милдеттерин так аткаруусу үчүн санариптик трансформациялоо ишин күчөтүүнүн маанилүүлүгү аныкталган.

**Натыйжа 7.** Автор тарабынан чек ара коопсуздугун камсыз кылган мыйзамдарды жакшыртуу максатында бир катар илимий негиздүү сунуштар иштелип чыккан.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө.**

Диссертациялык изилдөөдө келтирилген натыйжалар менен тыянактар жетиштүү деңгээлде негизделген.

**Натыйжа 1.** Негиздүү, изилдөөдө мамлекеттик чек аранын укуктук табияты жана мааниси ченемдик-укуктук актылардын, илимий эмгектердин жана адабий булакттардын кыйла тобун терең талдоонун негизинде көрсөтүлгөн.

**Натыйжа 2.** Автор тарабынан чек ара коопсуздугун жөнгө салган мыйзамдарга чек ара коопсуздугу түшүнүгүнө аныктама берүү механизми негизделген. Аныктык, анткени ал изилденген теманы терең талдоонун натыйжасында алынган.

**Натыйжа 3.** Изилдөөдө автор чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо түшүнүгүнө автордук аныктама берген. Аныктык бир катар ченемдик-укуктук актыларды жана теориялык тыянактарды кылдат талдоого негизделген.

**Натыйжа 4.** Негиздүү, анткени, бул багыттагы илимий изилдөөдө бир катар теориялык-илимий көз караштарды, практикалык материалдарды, ченемдик-укуктук аткыларды терең талдоого негизделген.

**Натыйжа 5.** Негиздүү, себеби Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын мамлекеттик чек араны коргоо жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы милдеттерин жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыккан. Аныктык бир катар ата-мекендик жана чет элдик тажрыйбаны, теориялык көз караштарды, практикалык материалдарды, ченемдик укуктук актыларды терең талдоого негизделген.

**Натыйжа 6.** Негиздүү, анткени, чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы мамлекеттик органдардын конституциялык ыйгарым укуктарын жана милдеттерин жакшыртуу максатында иштелип чыккан.

**Натыйжа 7.** Негиздүү Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууну жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыккан. Аныктык бир катар ата-мекендик жана чет элдик тажрыйбаны, теориялык көз караштарды, практикалык материалдарды, ченемдик укуктук актыларды терең талдоого негизделген.

**3.3. Иштин теориялык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык мааниси чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн актуалдуу маселелерин чечүүгө багытталгандыгы менен аныкталат. Каралып жаткан институт Кыргызстандын укуктук теориясы үчүн жаңы болгондугун эске алганда, изденүүчүнүн эмгектеринин жана жүргүзгөн илимий изилдөөсүнүн теориялык маанилүүлүгү чоң. Изилдөө ишинде келтирилген натыйжалар жана тыянактар чек ара коопсуздугун камсыз кылуу институтун андан ары изилдөө, ошондой эле бул тармакты жөнгө салуучу ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу үчүн методологиялык негиз болуп бере алат. Диссертацияда камтылган жоболор, тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процессинде, мамлекеттик чек арага тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу эл аралык келишимдерди даярдоодо, ошондой эле мамлекеттик чек ара жөнүндө мыйзамдарды жана жаңы ченемдик-укуктук актыларды даярдоодо, өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02 – конституциялык укук,

муниципалдык укук адистигине дал келет жана юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген диссертациялык иши кандидаттык диссертациянын илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон милдетти чечүү сыяктуу квалификациялык белгисине туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган натыйжаларды жана алардын негизинде иштелип чыккан сунуштарды жалпы чек ара коопсуздугун камсыз кылууну жакшыртуу боюнча мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде пайдаланууга болот.

Изилдөөнүн жоболору "Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу", "Кыргыз Республикасынын административдик укугу" дисциплиналары жана башка атайын курстар боюнча окутуу процессинде, ошондой эле окуу жана окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн актуалдуу маселелерин чечүүгө багытталгандыгы менен аныкталат. Автор бир катар ченемдик укуктук актыларды, атап айтканда, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын макамы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу концепсиясы» кабыл алууну сунуштаган. Диссертацияда камтылган жоболор, тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процессинде, мамлекеттик чек арага тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу эл аралык келишимдерди даярдоодо, ошондой эле мамлекеттик чек ара жөнүндө мыйзамдарды жана жаңы ченемдик-укуктук актыларды даярдоодо, өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүүлөр:**

Жалпысынан диссертациялык изилдөө боюнча орчундуу сын пикирлер жок, бирок кошумча редакциялоонун зарылчылдыгы бар экендигин белгиленет.

**7. Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү **Джумагулов Айдар Муратовичтин** изденүүчү А.А.Алимбековдун кандидаттык диссертациясы боюнча төмөнкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

- **жетектөөчү уюм катары** Ош мамлекеттик университетинин Юридикалык факультетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасы. Адреси: Ош шаары, Ленин көч., 331.

- **биринчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргызпатенттин алдындагы Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фондунун аткаруучу директору **Токтогулов Алмаз Асылбекович**.

- **экинчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргызстан Эл аралык университетинин "Юриспруденция жана Эл аралык укук" кафедрасынын доценти Кожомбердиев Бакыт Кожомбердиевич

**8. Сунуштамалар:**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тажрыйбасын жана аны жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны андан ары жакшыртуу үчүн каралып жаткан тема боюнча изилдөөлөрдү улантуу сунуштамасы берилет. Мындан ары бул багыттагы ишти илимий-техникалык потенциалды, экономиканы өнүктүрүү үчүн улантуу жана тиешелүү мыйзамдардын долбоорлорун иштеп чыгуу же иштеп жаткан мыйзамдарга толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.

**9. Корутунду:**

Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө – бул конституциялык укук; муниципалдык укук сыяктуу актуалдуу илимий багытты, өнүктүрүүнүн жаңы концептуалдык көз карашын иштеп чыгуу болгон индивидуалдуу илимий жана квалификациялык эмгек; эмгек принципиалдуу жаңы натыйжаларды камтыйт, анын жыйынтыгы юридикалык илимдеги ири жетишкендик. Диссертациядагы баптар жана бөлүмдөр логикалык туура иретте баяндалган, келтирилген жыйынтыктар, тыянактар жана сунуштар далилденген жана негизделген. Диссертациялык изилдөө конституциялык укук, муниципалдык укук жана жалпы укукта мамлекеттик башкаруу, адам укуктары чөйрөлөрүндөгү ири көйгөйдү чечүүчү эмгек.

12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» *аттуу темадагы* юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунушталган Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин кандидаттык

диссертациясы мурдагы жакталган кандидаттык диссертациясынын материалдарын камтыбайт.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти **Джумагулов Айдар Муратович** сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешине **Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин** 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери»** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**юридика илимдердин доктору, доцент** **А.М. Джумагулов**

**Кол тамгасын тастыктайм:**

**Окумуштуу катчы, ю.и.к.** **В.Ж.Сагыналиева**

«25» сентябрь 2024 ж.